**БЕКИТЕМИН**

**Директор: ________ Р.С.Кенжеева**

# Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы орто билим берүү мектебинин математика жана информатика усулдук бирикмесинин 2019-2020-окуу жылына карата түзүлгөн иш план

| № | Айы | Аткарылуучу иштер | Ким жоопту |
|---|---|---|---|
| 1 | Август | 2019-2020-окуу жылына карата иш пландарды түзүү.Август кеңешмесине жана предметтик секцияларга катышуу медициналык короодон өтүү.<br>Календардык пландарды түзүү | МБЖ жана мугалимдер |
| 2 | Сентябрь | 2-сентябрь "Билим күн" майрамына катышуу.<br>Окуу жылына карата убактылуу журналдарды түзүү.<br>Предметтер боюнча окуучуларды китептер менен камсыз кылуу.<br>Окуучулардын дептерлерине коюлуучу талаптар | МБЖ жана мугалимдер |
| 3 | Октябрь | Предметтик олимпиаданын иш-планын түзүү, олимпиадалык топтор менен иштөө,текшерүү иштерин алуу.<br>Лабараториялык,практикалык,текшерүү иштердин нормалары боюнча талкуу жүргүзүү | МБЖ жана мугалимдер |
| 4 | Ноябрь | Педагогикалык кеңешмеде айтылган кемчилдиктердин үстүнөн иштөө.<br>Математика,информатика боюнча класстан тышкаркы иштерди уюштуруу.<br>Мектеп аралык олимпиада өткөрүү. | МБЖ жана мугалимдер |
| 5 | Декабрь | Предметтик олимпиаданын жеңүүчүлөрүн шаардык олимпиадага даярдоо.<br>5-9-класстар арасында информатика сабагы боюнча окуучулардын кызыгуусун текшерүү | МБЖ жана мугалимдер |
| 6 | Январь | Педагогикалык кеңешмеде айтылган кемчилдиктердин үстүнөн иштөө.<br>Математика сабактарынын өтүлүшүн көзөмөлдөө | МБЖ жана мугалимдер |
| 7 | Февраль | 5-6-7-8-9-10-11-класстарда математика сабагынын дептерлеринин текшерилишин көзөмөлдөө | МБЖ жана мугалимдер |
| 8 | Март | 9-11-класстардын бүтүрүү экзамендерине карата даярдыктарын кароо.<br>6-класстар арасында өткөрүлүүчү олимпиадага карата даярдык көрүү | МБЖ жана мугалимдер |
| 9 | Апрель | Математика жана информатика сабагы боюнча декадасын уюштуруу.<br>Мугалимдер арасындагы ачык сабактарга катышуу. | МБЖ жана мугалимдер |
| 10 | Май | Математика сабагы боюнча 9-11-класстарды бүтүрүү экзамендерге даярдоо | МБЖ жана мугалимдер |

**Майлуу-Суу шаарынын №5 жалпы билим беруү орто мектебинин математика жана информатика предметтери боюнча УБ нын 2018-2019-окуу жылында жүргүзүлгөн иштеринин анализи.**

УБ 2 багытта иш алып барды.

1.Жаңы муундагы стандартты жана предметтин стандарттыгын таанып билүүгө жетишүү,муктаждарын изилдөө.

2.Таланттуу балдар менен иштөөнү жалпылаштыруу математика: Инсанга багытталган окутуу,компененттүүлүктү калыптандыруу.

Сабакты өтүүдө пландоо боюнча көйгөйлөрдү аныктоо.
УБ бирикмесинде 5 мугалим бар.
3 математика мугалими, 2 информатика мугалими.
Билимдери жогорку-4
Атайын орто-1
Жыл ичинде УБнын отурумдары-4,өз алдынча таанып билүү семинарлары-2 өтүлдү.

Информатика мугалимдери менен пландоо жана өз алдынча сабакты талдоо жүргүзүү боюнча аңгемелешилди.

Стандарттык колдонууда мугалимдердин муктаждары изилденип, көйгөйлүү маселелерди аныктоо менен методикалык жардам көрсөтүлдү.

Жыл башында мугалимдерди портфолиосун түзүп даярдаганга көрсөтмө берилди.

Календардык пландарды түзүүдө предметтердин компененттүүлүгү аныкталган эмес. Бул боюнча январь айында семинар өткөрүлүп, белгиленип көрсөтүлдү.

Сабактарын пландаштырууда инсанга багытталган окутуу методдору боюнча түшүндүрүп, көргөзмөлөр берилди. Мугалимдердин практикасы менен таанышууда компетентцияларды калыптандыруу сабак окуутуудагы жетишпегендиктери боюнч талдоо жүргүзүлүү менен тапшырмаларды берүүдө кампотенттүүлүктү калыптандырууга багытталгандыгына байкоо жүргүзүлдү. Предметтер боюнча өткөрүлгөн мектептик олимпиадага математика боюнча 10 окуучу, информатика сабагы боюнча 7 окуучу катышты.

Шаардык олимпиадага 6 окуучу катышуу укугуна ээ болушту.Шаардык олимпиадада орунга ээ болушкан жок.

Бул боюнча УБ отурумунда каралып, предметтик мугалимдердин кийинки окуу жылында окуучулар менен жекече иштөө планы эскертилди.Ал эми дептерлердин абалы боюнча текшерүү жүргүзүлүп Кадыралиева З.И.системалуу дептерлерди текшерүү иштелгендиги байкалды.
УБ жумалыгы өткөрүлүп, математика мугалими Кадыралиева З.И., информатика сабактары боюнча Эргешова А.,Сейтек кызы Уулкан инновациялык сабактарды көрсөтүшү.

Быйылкы окуу жылында жаңы окутуу методикасы жана баалоосуна таянган сабактардын планын түзүүнүн компетенцияны калыптандыруучу тапшырмаларды түзгөндү үйрөнүштү.

Баалоо,тажрыйбаны жайылтуу,компетенцияны калыптандыруу боюнча семинар өткөрүлдү.

2019-2020-окуу жылында өтүлгөн семинардын жыйынтыгы болуп жакшы ийгиликтерге жетишилет деген ишеним бар.